| | |
|---|---|
| КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ТЕХНИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТ | И.Раззаков атындагы<br>Кыргыз мамлекеттик техникалык университети |
| | БИЛИМ БЕРҮҮ САПАТЫН КАМСЫЗДОО СИСТЕМАСЫ |
| | 24-11 |

**ЖАКТЫРЫЛДЫ**
И. Раззаков атындагы КМТУнун
Окумуштуулар кеңешинде
Протокол № 10
«06» 06 2024 ж.

**БЕКИТЕМИН**
И. Раззаков атындагы КМТУнун
ректору
_________ Чыныбаев М.К.
Буйрук № 1/135
«1» 07 2024 ж.

# "И.РАЗЗАКОВ АТЫНДАГЫ КМТУ ЖАРЧЫСЫ" ИЛИМИЙ ЖУРНАЛЫНЫН ЖОБОСУ

**Бишкек 2024**

## ӨЗГӨРТҮҮ БАРАГЫ

| УЧА версиясы-нын № | Өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген бөлүмдүн/пункт же абзац( баракты көрсөтүү менен) | Окумуштуулар кеңешинин протокол № |
|---|---|---|
| 1 | | Протокол №10 24.06.2020 ж. |
| 2 | | Протокол №10 26.06.2024 ж. |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |

## 1. Жалпы жоболор

1.1. "И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университеттин Жарчысы" илимий журналы (текстте мындан ары И.Раззаков ат. КМТУ Жарчысы" деп кетет) Университеттин Окумуштуулар Кеңеши тарабынан жактырылып, сунушталган, илимий изилдөөлөрдүн негизги жыйынтыктары жарыялана турган атайын илимий журнал болуп саналат. Журнал орус тилинде расмий "Известия Кыргызского государственного технического университета им. И. Раззакова"(кыскача -"Известия КГТУ им. И. Раззакова"), англис тилинде "The Bulletin of I. Razzakov Kyrgyz State Technical University" (кыскача - The Bulletin of Razzakov University) деп аталат.

1.2. "И. Раззаков атындагы КМТУ Жарчысы" илимий журналынын(текстте мындан ары Журнал деп кетет) ээси И.Раззаков атындагы КМТУ болуп саналат.

1.3. Журналдын редакциясы өз алдынча чарба жүргүзгөн субъект, юридикалык уюм эмес.

1.4. Редакция кесиптик өз алдынчалыгын пайдаланып, журналды өндүрүшкө даярдап, жарыкка чыгаруу иштерин алып барат. Редакцияны жетектөө ушул Жобонун жана Журнал Ээсинин документтеринин негизинде жүргүзүлөт. Журналдын тиражы болжол менен 50 экземпляр, жылына 4 жолу чыгат.

1.5. Редакциянын дареги: 720044, Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, Ч.Айтматов проспектиси, 66, 1/254 кабинет.

Тел: +996(312) 54-51-40

1.6. "И. Раззаков атындагы КМТУ Жарчысы" журналынын редакциясы өз ишмердүүлүгүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, КМТУнун Уставына жана ушул Жобого таянат.

1.7. Журналдын максаты – ата мекендин инженердик илимдин өнүгүшүнө өбөлгө болуу, илимий изилдөөлөрдүн негизги тенденцияларын, багыттары менен жыйынтыктарын чагылдыруу, профилдик тематика боюнча илимий макалаларды чогултуп басып чыгаруу, ушуну менен бирге И.Раззаков атындагы КМТУнун Орто Азия чөлкөмүндөгү жетектөөчү илимий, инженердик-техникалык, илимий изилдөөчүлүк ролун аткарууга көмөкчү болуу.

1.8. Журналдын милдеттери:

- илимий коомчулук үчүн актуалдуу болгон темалар боюнча маалыматтарды ар тараптан таасын жана көзгө көрсөтүү менен чагылдыруу;
- Предметтик алкактагы илимий милдеттерди так илимий негизде баяндоо менен катар аларды иш жүзүнө ашырууга түрткү болуу;
- Кыргызстандын, КМШ өлкөлөрү менен алыскы чет өлкөлөрдүн Жогорку окуу жайларынын илимий коомчулугу менен демилгелүү өз ара карым катыш түзүү;
- Окумуштуулар менен практика жүзүндө иш аткарган адистердин ортосунда маалымат алмашуу жана кеп-кеңеш, пикир алышуу үчүн маалыматтык чөйрөнү камсыздоо;
- И.Раззаков атындагы КМТУнун кызматкерлеринин илимий жетишкендиктерин илимий жана адистик коомчулукка жеткирүү.

1.9. Журналдын максаттуу аудиториясы – кыргызстандык жана чет өлкөлүк окумуштуулар, аспиранттар менен докторанттар, жана дагы илимий-техникалык, адистик маалыматтарга кардар болгон практик-адистер болуп саналат.

## 2. Журнал Ээсинин укуктары менен милдеттери

2.1. Журнал Ээсинин укуктары:

- Журналдын Жобосун бекитет;
- Журналдын Жобосуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизет;
- ушул Жобонун негизинде жана башка атайын тартиптерге ылайык Журналдын ишин токтотот же жабат;
- атайын тартиптерге ылайык Журналдын жарыя болуучу тилин, аталышын, формасын жана таралуучу аймагын, мезгилдүүлүгүн, көлөмүн жана тиражын, Журналдын көркөм жасалгасын өзгөртөт;

• даярдалып жаткан жакынкы пландагы журналдын санына материалды же кабарды өз атынан (Журналдын ээси катары) акысыз жайгаштырат;

• Редакциянын ишмердүүлүгү КР мыйзамдарына, ушул Жобого, КМТУнун Уставына жана башка Журнал Ээсинин документтерине шайкеш келеби жокпу, Журналдын тили, адистик багыты, мезгилдүүлүгү менен көлөмү, жана башка маалыматтар журналды каттоодо белгиленген мазмунга ылайык келеби, жокпу, көзөмөл жүргүзөт;

• Журналдын мүлкүнүн ээси, журналды таркатуучу жана басып чыгаруучу катары чыгат.

2.2. Журнал ээсинин милдеттери:

• журналдын Жобосун сактайт;

• окумуштуулар жана башка адистер менен бирдикте иш-чараларды уюштурууга жана өткөрүүгө, Журналды илимий коомчулуктун арасына таркатууга, аудиторияны изилдеп, иштин багытын аныктоого редакцияга жардам көрсөтөт;

• КРдин мыйзамдарында, Журнал Ээсинин ченемдик актыларында жана ушул Жободо көрсөтүлгөн учурлардан тышкары Редакциянын кесиптик ишмердүүлүгүнө киришпейт.

2.3. Журналдын ээси өз укуктары менен милдеттерин Редакциянын макулдугу менен бишка жактарга өткөрүп бере алат.

## 3. Редакциянын укуктары менен милдеттери

3.1. Редакциянын укуктары:

• Журналдын максаты менен алган багытына ылайык, Журнал Ээси бекиткен тематиканын алкагында өз ишмердүүлүгүн пландайт;

• Илимий публикациялардын авторлору менен тартипке ылайык келишимдик мамилелерди түзөт;

• Редакциянын штатында жок чыгармачыл жана техникалык кызматкерлерди журналдын санын чыгаруу үчүн атайын милдеттерди аткарууга тартат;

• Журналдын кезектеги санын басууга өз алдынча кол коет;

• Илимий макалалардын авторлору менен кат жазышат, Журналдын мазмуну менен жасалгасын жакшыртуу боюнча алардын кызыкчылыктары менен пикирлерин эсепке алат.

3.2. Редакцияны милдеттери:

• Журналга жарыяланган материалдардын мазмундук, илимий жана кесиптик мыкты сапатын камсыз кылууга милдеттүү;

• Журналдын көркөм жасалгасын мамлекеттик стандарттардын талаптарына, нормалары менен эрежелерине, техникалык шарттарына жана башка полиграфиялык мекемелер менен түзүлгөн ченемдик актылар менен келишимдерге шайкеш жасалгалоо милдеттүү;

• өндүрүштүн өзүнө тиешелүү болгон жана бекитилген графиктерин сактоого милдеттүү;

• Журналдын Ээсинин ушул Жобонун 2.1. параграфында көрсөтүлгөн көлөмдөгү жана мөөнөттөгү билдирүүсүн жарыялоо милдеттүү.

## 4. Журнал Ээси менен Редакциянын мүлктүк жана финансылык мамилелери

4.1. Редакция пайдаланып жаткан мүлк Журнал Ээсинин мүлкү болуп саналат. Редакцияга бул же тигил мүлктү бөлүп берүү чечимдери Журнал Ээсинин башкаруу органдары тарабынан алардын компетенциясынын алкагында каралат жана чечилет.

4.2. Редакциянын иштмердүүлүгү редакциянын компетенциясынын алкагына кирген кайсы бир жумуштарды тапшырган заказчиктердин каражатынан каржылануусу мүмкүн.

4.3. Журналга реклама жарыялоонун тартиби журнал Ээсинин документтери аркылуу аныкталат. Журналдын бир санындагы реклама көлөмүн журнал Ээсинин башкаруу органдары белгилейт жана реклама көлөмү журналдын бир санынын жалпы көлөмүнүн 10% дан ашпоосу зарыл.

4.4. Редакциянын ишмердүүлүгүнөн түшкөн пайда каражаты болсо Журналдын Ээси менен редакция биргелешип бөлүштүрөт жана ал протокол менен жоңгө салынат.

## 5. Редакцияны башкаруу

5.1. Редакцияны журнал Ээсинин башкаруу органдары менен Башкы редактор жетектейт жана башкаруу ушул Жобого, Журнал Ээсинин Уставы менен ченемдик актыларына ылайык башкарылат.

5.2. Журнал Ээсинин башкаруу органдары өз Уставында жана башка документтеринде каралган компетенциясынын алкагында редакциянын ишмердүүлүгү боюнча төмөнкү маселелерди чечет:

- башкы редакторду кызматына бекитет жана бошотот;
- редакцияга бөлүнгөн мүлктөр менен каражатты пайдалануу жана редакциянын ишмердүүлүгү тууралуу башкы редактордун жылдык отчетторун бекитет;
- редакциянын ишмердүүлүгүндөгү башкы багыттарды аныктайт;
- Журналдын көлөмү, тиражы, сырткы жасалгасы сыяктуу параметрлерин өзгөртөт;
- Журналга жарыяланып жаткан материалдардын сапатына көзөмөл жүргүзүүчү талаптарды иштеп чыгат;
- Журналга жарыялануучу материалдарды тандайт;
- Журналга реклама жарыялоо боюнча чечим кабыл алат;
- Журнал Ээсинин уставына ылайык башка дагы ыйгарым укуктарын ишке ашырат.

5.3. Редакциянын күндөлүк ишмердүүлүгүн Башкы редактор жетектейт. Башкы редактор КРдин мыйзамдарынын, журнал Ээсинин уставынын жана башка укуктук-ченемдик актыларынын, ошондой эле ушул Жобонун негизинде иш алып барат.

Башкы редактор КРдин массалык маалымат каражаттары тууралуу мыйзамдарындагы талаптарды аткарууга милдеттүү.

5.4. Башкы редактор редакцияны башкарууда башкаруу менен жоопкерчиликтин биримдиги (единоначалие) принцибине негизденип иш алып барат жана редакциянын ишмердүүлүгүндөгү бардык маселелерди өз алдынча чечет, бул ишти ушул Жобого жана башкаруу органдарынын компетенциясынын алкагында алып барат.

5.5. Башкы редактор:

- Журналдын Ээси менен басманын, журналды таратуучунун, жарандардын жана алардын бирикмелеринин, уюмдардын өз ара мамилелеринде, соттун кароосунда Редакциянын кызыкчылыгын коргойт;
- Редакциянын ишин уюштурат жана кызматкерлер аткарууга милдеттүү болгон көрсөтмөлөрдү берет;
- Жоопту жана техникалык редакторлордун жана редакциянын башка кызматкерлеринин милдеттерин бөлүштүрөт, Редакциянын кызматкерлеринин кызматтык нускамаларын бекитет;
- Редакциянын бөлүмдөрү аткаруучу кызматтарды аныктайт;
- Редакциялык коллегияны түзүү же таркатуу боюнча чечим кабыл алат жана редколлегия мүчөлөрүн кызматка бекитет же бошотот;
- Журналда иштеп турган кызматкерлер менен авторлорду тандайт;
- Журналдын ар бир санын басууга кол коет;

• Журнал ээсинин Уставында жана башка ченемдик актыларында жана ушул Жободо каралган компетенцияларга шайкеш бардык маселелерди чечет.

5.6. **Башкы редактор же анын орун басары** Журналдын өндүрүшүнө жана басууга байланышкан бардык маселелер боюнча редакциялык Коллегияны чакырат. Редакциялык коллегиянын отурумуна башкы редактор жетекчилик кылат.

• Отурумдун күн тартибин башкы редактор аныктайт. Редколлегиянын мүчөлөрү күн тартибине башка дагы маселелерди киргизүүгө укуктуу. Күн тартибине киргизүү отурумдан мурда же отурум учурунда да жүргүзүлүшү мүмкүн.

• Отурумга башкы редактор менен бирге редколлегиянын жарымынан көбүрөөгү катышып отурган болсо толук ыйгарым укукка ээ болот. Чечимдер катышуучулардын көпчүлүк добушу менен кабыл алынат жана башкы редактор тарабынан бекитилет. Редколлегиянын чечимдери сунуш мүнөзүндө болот жана башкы редактор редколлегиянын чечимин бекитүүдөн баш тарткан учурда өз чечиминин себептерин түшүндүрүүгө милдеттүү эмес.

• Редакциялык коллегиянын Журнал Ээсинин башкаруу органдарынын ушул Жобого ылайык иш алып баруусуна тиешелүү маселелерди талкуулоого жана чечим кабыл алууга укугу жок.

## 6. Журналдын ишмердүүлүгүн токтотуу жана жабуунун негиздери менен тартиби

6.1. Журналды токтотуу менен жабуу журнал Ээсинин чечими же жарандык сот өндүрүшүнүн чечими менен гана ишке ашат.

6.2. Журнал ээси Журналды ишин төмөнкү учурларда токтотот жана жабат, эгерде:

• Редакция 3 айлык мөөнөттүн аралыгында массалык маалымат каражаттары тууралуу мыйзамдарды, публикациялык этика менен ушул Жобонун ченемдерин такай бузса жана журнал Ээсинин эскертүүсүнөн кийин дагы сактабай турган болсо;

• Журналды жарыялоо чыгымдуу болсо;

• Журналдын редакциясы журналдын мезгилдүүлүгүн, чыгуу мөөнөтүн жана тартибин сактабаса;

Журналдын редакциясы редакциянын ишмердүүлүгү тууралуу отчетту өз убагында бербесе;

• Журналдын редакциясы белгилеген мөөнөттө, пландалган көрсөткүчтөргө жетпесе;

• Журналды чыгаруу Ээси тарабынан ушул Жобого же КМТУнун башка ченемдик актыларында каралган максаттарга ылайык келбесе;

• Журналдын ишин токтотуу жана жабуу чечимин Журналдын Ээси менен Башкы редактор өз ара кеңешүү менен кабыл алат.

6.3. Журнал ээси журналды жабуу чечимин кабыл алган менен кайра эле ошол аталышта чыгарып баштоо укугун сактап калат.

6.4. Журнал ээси журналды жабуу тууралуу чечим кабыл алганда бул Жобо дагы иштебей калат. Бул учурда редакция жоюлат.

## 7. Редакциянын ишмердүүлүгүн укуктук камсыздоо

7.1. Редакция өз ишмердүүлүгүн жылдык жана перспективалык тематикалык пландардын, Журнал эээсинин башка бөлүмдөрү менен, авторлор жана тышкары уюмдар, мекемелер менен келишимдердин, эмгек макулдашууларынын негизинде алып барат.

• Жылдык жана перспективалуу пландарды башкы редактор менен редколлегия иштеп чыгат жана Журналдын ээси бекитет.

• Келишимдер менен эмгектик макулдашуулардын бардык түрлөрүн Журнал ээсинин юридикалык кызматы тышка чыгарат жана макулдук колун коет.

7.2. Журналдын атын коюу журнал ээсинин укугуна кирет. Журналдын логотибин КРдин мыйзамына ылайык товардык белги катары Журнал Ээси каттоого алат.

**8. Журналээсин алмаштыруу, ээлеринин курамын өзгөртүү иштери**

8.1. Журналдын ээси алмашканда Журнал мыйзамга ылайык кайра каттоодон өткөн соң ишин улантат.

8.2. Журнал ээси кайрадан уюшулган учурда анын укуктары менен милдеттери мурасчыга өтөт.

**9. Редакциянын уставын өзгөртүү жана бекитүү тартиби**

9.1. Редакциянын Жобосу жана ага өзгөртүүлөр реакциянын кызматкерлеринин чогулушунда кабыл алынат жана журналдын ээси тарабынан бекитилет.

9.2. РедакциянынЖобосуна өзгөртүүлөр менен толуктоолор Журналдын ээси тарабынан өз демилгеси менен, же болбосо Редакциянын сунушу менен киргизилет.

МАКУЛДАШЫЛДЫ:

УИБ башчысы А.Ж.Исраилов